7.3. Суу түтүк тармактарынын жана курулмалардын оңдоо иштери өткөрүлүшүнө байланыштуу суунун басымы төмөндөп же убактылуу берилбесе “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ 3 суткадан кеч эмес убакытта абоненттерди эскертет.

7.4. “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ убактылуу (же такай) алдын алуу кабарлоодон кийин суу камсыздоо жана суукетирүү келишимине ылайык Кеңеш ,Буденовка, Д.Курманалиев айылдарынын башка жарандарына суу берүүнү токтотот;

- суу колдонууга жана суу кетирүүгө тейлөө кызматына төлөмдү кечиктирүүдө;

- суу эсептөө аспабына “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ өкүлүн кирүү үчүн камсыздабаса же чыккан сууну эсептөө үчүн зарыл маалыматты бербесе:

- суу түтүк жана канализациялык тармакка уруксаатсыз кошулуу;

- суу керектөө лимити ашып кеткен учурда пломбаларды орнотуу жана түртмөлөрдү жөнгө салууга макул болбоо;

- ири өнөр жай ишканалары жана үчүн суукеректөө лимиттери системалуу ашып кетсе жана суукеректөө тартиби сакталбаса;

субабоненттти өчүрүү эгер анын суутүтүк тармагы башка менчик ээсинин аймагынан туташса “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ менен макулдашылбаса;

- “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ эрежелерди бузууну жоюу жөнүндөгү эскертүүлөрүн аткарбоо;

## 8. СУУ ТҮТҮК ЖАНА КАНАЛИЗАЦИЯЛЫК ТАРМАКТАРДЫН САКТОО ЧАРАЛАРЫ

8.1. “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИМ абоненттери жана жумушчулары борбордук жана ички суутүтүк канализациялык тармактардын иш жүргүзүп жаткан жактардын кызмат күбөлүктөрүн текшерүүгө милдеттүү;

8.2. Суутүтүк жана канализациялык тармактардын,курулмалардын бузулушуна күнөлүү юридикалык жана физикалык жактар “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” ММ келтирген зыян үчүн материалдык жоопкерчиликке тартылат.

8.3. Курулуш,оңдөө-курулуш,жол жана башка уюмдардын жетекчилери канализация жана суутүтүк кудуктарынын люктарын алып салуу боюнча проекттик жана башка чечимдерди пайдаланса персоналдык жоопкерчиликке тартылат.